Кусейин Карасаевдин 120 жылдыгына карата

Улуттук тилдин УҢГУСУН ТҮЗГӨН УЛУУ ИЛИМПОЗ

Нарын шаарында жайгашкан К.Мамбетакунов атындагы Нарын педагогикалык колледжи кыргыз тил илимининин калыптанышына чыйыр салып, өнүгүшүнө барандуу салым кошкон окумуштуу Кусейин Карасаевдин 120 жылдык маараке-синин урматына студенттер менен биргеликте баяндама, эссе, слайд, сабаттуулукка багытталган иш чараларды онлайн форматта байма-бай өткөрүп жатат. Төмөнкү макалада аталган колледждин кыргыз тилчи мугалимдери Самара Арстанбекова,Асел Маштаева, Мээрим Дүйшеева, Мимоза Абдракунова, Жумагүл Тыналиева улуу инсандын эмгектеринин жаш муундарды тарбиялоодогу орду жөнүндө кеп кылып беришмекчи.

"КАТААЛ ТАГДЫРЫМА ЫРААЗЫМЫН"

Кыргыз совет тилчиси, улуттук туңгуч лексикограф жана лексиколог, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Кусейин Карасаев 1901-жылдын 5-январында Ысык-Көл облусунун Түп районуна караштуу Кең-Суу айылында орто чарба үй-бүлөдө туулган. Айрым булактарда Токтоян айылында туулган деген маалымат бар. Ал алты жашынан айылдык молдолордон окуп, кат-сабаты жоюлат. 1914-1916-жылдары Караколдогу орус-тузем мектебинен окуп билим алган. 1916-жылы Үркүндө ата-энеси менен Кытайга качат. Текесте калмак, дунган, уйгур балдарын эски араб тамгасына үйрөтүп, өзү калмак, дунган, уйгур, кытай тилдерин өздөштүрөт.

1921-жылы мекенине кайтып келип, айылдык ревкомго катчы болуп иштеп, маданий-агартуу жумуштарын аркалайт. 1923-1925-жылдары Ташкент шаарындагы кыргыз агартуу институтунан окуган. 1924-жылы «Эркин Тоо» гезитинин алгачкы сандарынын чыгарылышына салым кошот. 1923-1927-жылдары Орто Азия мамлекеттик университетинин жумушчу факультетине кыргыз тилинен сабак берген, ошондой эле ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун котормочулар жана рецензенттер тобунун бюросуна мүчө болгон.

К.Карасаев 1927-жылы Бакуда өткөн жаңы түрк алфавитинин борбордук комитетинин пленумуна катышкан. Ушул жылдары И.Арабаев менен авторлош болуп чондор үчүн «Жаңылык» (1927-жылы) деген туңгуч алиппе түзүшкөн, өзү да «Сабат ачкыч» (1927-жылы) алиппесин жазган. Алгачкы жазылган бул эмгектер ошол кездеги кыргыздардын 60 пайызга жакынынын сабатсыздыгын жоюуга салым кошкон.

1931-жылы Ленинград шаарындагы Енукидзе атындагы Чыгыш таануу институтуна кирип, аны ийгиликтүү бүтүрүү менен бирге араб, фарси тилдерин дагы жетик өздөштүрүп чыгат. 1931-1940-жылдары Кыргыз маданий курулуш илимий изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштейт.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдары аскерге чакыруудан бошотулган. Апаат жылдар аралыгында илимий иштер менен алектенип, 1944-жылы филология илимдеринин кандидаты болгон. 1951-1974-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде сабак берген. Кыргыз алфавитинин баардык түрүн түзүүгө катышкан. 1946-жылы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Кусейин Карасаевдин өмүрлүк жары Айша анын илимий изилдөө иштеринде дайыма өбөк болуп келгендиги айтылат.

К.Карасаев эмгек жолу тууралуу Т.Үсөновго берген, Кыргыз радиосунун Алтын фондусунда сакталып калган интервьюсунда: "Эмгегим бааланган да, бааланбаган да мезгилдер болду, бирок ага мен таарынбайм деле. Тескерисинче катаал тагдырыма ыраазымын" – дейт.

Кусейин Карасаевдин лингвистика жаатындагы эмгеги бааланып, Эмгек Кызыл Туу ордени, бир катар медалдар менен сыйланган.

Кыргыз УИАсынын ардактуу академиги болгон. Бишкек Гуманитардык университетине, Каракол шаарындагы кыргыз-түрк лицейине бул улуу инсандын ысымы ыйгарылган.

Самара АРСТАНБЕКОВА.

СӨЗДҮК ТҮЗҮҮДӨГҮ АЛБАН МӘЭНЕТ

Сөздүктү ар ким эле жарата бербеси айкын. Аны түзүү ооз толтуруп, айтканга оңой болгону менен опол тоодой мәэнетти талап кылат. Эң оболу ал сөз баккан, сөз кудуретин баалаган, сөз менен иштей билген, укканын жүрөгүнө кыттай түйүп, аны кайра талдап, иликтеп, баалаган, жаратмандык касиетке эгедер, күжүрмөн, көкүрөк туюму бай артыкча адам болушу абзел. Ал күндүр-түндүр тирмийип кагаз тиктеп, сөз жазып, сөз багып гана отурбастан, эл аралап, кенчилер алтын издегендей, сөздүн уюткусун издейт. Бул касиеттүү, ары илимпоз адам, кыргыз элинин багына бир жаралган инсан Кусейин Карасаев десем жаңылышпайм. Ал өлкөбүздө сөздүк түзүүгө алгачкылардан болуп чыйыр салган жана кажыбаган аракети менен сөздүктөрдүн бир канча түрүн элибизге тартуулады.

Окумуштуунун К. Юдахин менен биргеликте түзгөн «Орусча-кыргызча сөздүгү» 1938-жылы жарык көргөн. Ал тыным билбей, көз майын коротуп, «Өздөштүрүлгөн сөздөр», «Накыл сөздөр», «Камус наама», ичине 60 миң сөздү камтыган «Орфографиялык сөздүк", жалпы билим берүүчү мектептер үчүн дагы «Орфографиялык сөздүк» өндүү баа жеткис эмгектерди жаратты.

Анын "Карасай сөздүгү" тууралуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун пикирин окурмандардын эсине сала кетсек: "Карасай сөздүктү» көз жүгүртүп окуп чыгуунун өзү канчалык кызык, канчалык үзүрлүү. Эне тилибиздин өзүнчө бир тарыхы болгон бул кол жазманы кызыгуу менен окуп чыктым жана башкаларга да көпчүлүккө таанышыш үчүн ушундай мүмкүнчүлүктөр болсо деген тилекте калдым" - дейт.

"Карасай сөздүктү" Ч.Айтматов эне тилибиздин тарыхы катары караса, академик Т. Сыдыкбеков "... эне тилди мыкты билген жазуучу атанып туруп, бир кыйла сөздөрдүн туюнтмасын жеткире билбегендигиме, кай бирин үстүртөн, калпыс түшүнүп жүргөнүмө өкүндүм" — деген. Ал эми профессор А. Алдашев китепти: "... эне тилибиздин көөнөргөн (архаикалык) сөздөрдү түшүнүүнүн ачкычы" - деп белгилейт.

Асел МАШТАЕВА.

ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ЖЫЙНООДОГУ КОШКОН САЛЫМЫ

Кусейин Карасаевдин кыргыз фольклористикасы менен адабият таануусуна, котормо теориясына да сиңирген эмгектери зор. Буга анын «Котормо жайында», «Манас», "Кыргыз ырларынын түзүлүшү" өңдүү макалалары далил. Ал өзгөчө фольклордук чыгармаларды жыйнап, китеп кылып басмадан чыгаруу ишине активдүү катышкандардын бири. 1931-жылы Ленинграддагы Енукидзе атындагы Чыгыш институтун ийгиликтүү аяктап, Фрунзеге келип адабият институтуна ага кызматкер болуп ишке орношкондон тартып, фольклордук чыгармаларды жыйноо ишине киришип, алгач жазгыч акын Тоголок Молдону Ак-Талаадан чакыртып, анын чыгармаларын топтоп, Алтын фондуга киргизген. Ошондой эле, белгилүү манасчы Саякбай Каралаевди чакыртып, маданий-илимий журтчулукка тааныштырып, алардын макулдугу менен анын айтуусундагы "Манас" эпосун жазууну уюштурган. Кийин "Семетей" эпосун, эл оозунда айтылып сакталып калган жомок, дастандарды жыйнаган.

К.Карасаевдин журналист Т.Орокчиевге берген интервьюсунда оозеки чыгармачылык жөнүндө: "Манас" дастанын окуп отурсаң, түз эле океанга кирип кетесиң. Мен кээ бир накыл сөздөрдү Сагынбайдын вариантынан үйрөндүм. Мисалы, "кыргызда бээ десе, төөнү айтат" деген сөз бар. Мындайча алсак, түшүнүктүү эле. Бул бээ да эмес, төө да эмес. Манастын өзүнүн молдосу бар экен. Ал катты чала билген киши экен. Кат келгенде "бэ" дегендин ордуна "тэ" деген тыбышты айтыптыр. Ал эми бэ-тэ кийин унутулуп эле бээ менен төөгө өтүп кеткен" деген оюн айтат. Окумуштуунун фольклор чогултуудагы иштери кеңири иликтөөгө алынышы шарт.

К.Карасаев мындан тышкары котормочулук өнөргө да аралашып, М.Горький, А. Радищев, Л.Крючковский, Р.Тагор жана башка жазуучулардын чыгармаларын кыргызчага которгон.

Башка тилден кирген сөздөрдү өз аталышында кабыл албай кыргыз тилине багындырып жазуу аркылуу кыргыз тилинин сөздүк корун байытса боло турганын К. Карасаев көтөрүп чыгып, бир нече илимий-публицистикалык макалаларды жазган.

Мээрим ДҮЙШЕЕВА.

НАКЫЛ СӨЗДӨРДҮН НАРКЫ БИЙИК

Даанышмандык адамдын бийик касиети. Катардагы адамдардын баарына эле бул касиетти Жараткан эгедер кыла бербейт. Залкар инсан Кусейин Карасаевдин даанышмандыгын далили, ал калтырган баалуу мурас – "Накыл сөздөрү".

"Накыл сөздөрдө" окумуштуу улуттук тилдин кенчин казып, байлыгын жыйнап, аны кийинки муундарга өткөрүп берди. Жыйнак тууралуу ал китептин баш сөзүндө мындай пикирин ортого салган: "Бабаларыбыз бизге мурас кылып калтырган тил байлыгын чогултуу, анын түйүнүн чечүү менен өмүр бою алпурушуп келдим. Биринчи кезекте "Манастан" башка дагы эл чыгармаларындагы унутулуп бараткан макалдарды, жалпылап айтканда, накыл сөздөрдү жыйноого, анын маанисин чечмелөөгө көп аракет кылдым. Билимимдин жетишинче чечмелеп, ар бир накыл сөздүн капкагын ачып, илгерки маанисин тактоого чоң аракет жасадым"...

Ырас, академик өзү дагы белгилеп өткөндөй, тилсиз адам баласы тиричилик кура албайт. Коомдошуп жашоо да мүмкүн эмес. Заман өткөн сайын коом тиричилиги дагы өзгөрөт. Мурдагы салт-санаа, үрп-адаттар алмашат. Айрымдары колдонуудан чыгат. Ошондуктан, аны кийинки тукум билбей дагы калат. Бирок, ал тилде сакталган бойдон тура берет.

Китептен мисал келтирели. Анда "Үкүнүн уясына жолугуу" деген сөз бар экен. Бул сөздү көпчүлүк биле бербейт. Көрсө, "үкүнүн уясына жолугуу" деген накыл сөз – толгон байлык табуу, кенчке жолугуу деген мааниде эл ичинде колдонулат экен. Үкү кыргызда ыйык канаттуу катары саналган. Анын канатын кыздардын топусунун, тебетейинин төбөсүнө тагып беришкен. Көөнө кыргыздардын айтымында, үкү түнүчүндө тапкандарынын бардыгын уясынын тегерегине чогулта берет имиш. Көзү күндүз көрбөйт. Ошондуктан, башка азык издегендер үкүнүн чогултканын жешет сыяктуу.

Дагы бир мисал. "Үйгө үт кирди" деген макал бар. Азыр бул сөздү айтсаң, жаштар эмес, орто муундагы адамдар деле түшүнбөйт. Бирок, эмнеге үйрөнүп алып, колдонсок, болбойт? Эми маанисине кайрылалы, К.Карасаевдин чечмелөөсүнө караганда, макал "Күн узарып, көк чыга баштады, үйгө күндүн жарыгы кирип, мал көк жалмалай баштады" дегенди билдирет. "Үт" байыркы шумер тилинде "күн, жарык, шоола" деген мааниде болгон экен. "Үт" – араб, иран тилинде дагы болгон. Арабдарда жыл мезгилин билдире турган асмандагы балык кебетесиндеги жылдыздын аты. "Үттүү мончок жерге калбас", "Жакшылыгына алса – үт, жаманчылыгына алса - жут" деген макалдар дагы кездешет.

Накыл кептерди колдонуу коомдо өтө актуалдуу. Сөздү куюлуштуруп, эбин келтирип, уккан адамдын көңүлүнө тык эткизе кадалган сөз канчалык таасирдүү. Баланын кулагына бала кезден накыл, нускалуу кептерди, даанышмандардын орошон ойлорун сиңирип, көкүрөгүнө жат кылса, ал келечегинде ар нерсеге көзү каныккан, куйма кулак, билимге умтулган адам болуп жетилет.

К.Карасаевдин эмгектерин кеп маданиятынын бир бөлүгү, сабак катары бала бакчадагы жеткинчектерден тартып жаштарга чейин бардык билим берүү мекемелеринде окутуу, басмаканадан миндеген нускаларда бастырып чыгаруу, күндөн күнгө актуалдуулугу артып бараткан интернет айдыңындагы социалдык тармактарда дагы жайылтып, үйрөтүү зарыл. Айрыкча, заман оошуп, улуттун баалуулуктары унутулуп, сөздүн куту качып, кунары кетип бараткан мезгилде бул канчалык маанилүү экенин ар бир адам түшүнөт деп ойлойм.

Мимоза АБДРАКУНОВА.

ЭМГЕКТЕРИНЕ ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ ЖҮРГҮЗҮЛҮШУ МААНИЛҮҮ

Кыргыз тил илиминин аалымы Кусейин Карасаевдин улуттун казынасына салып берген, кылымдардан кылымдарга мураска калган иши тууралуу айта берсе кеп учугу түгөнбөйт. Анын эмгектери кайсы бир мезгил аралыгында көз жаздымда калып, ал тургай куугунтукка кабылган учурлар болсо дагы, тарых бардыгын өз ордуна коюп, тилчи-окумуштуунун эне тилин өнүктүрүүгө, "Манас" эпосу баштаган, өзөктүү элдин руханий дөөлөтү саналган элдик оозеки чыгармачылыктын сакталып, муундан муунга өтүшүнө, аны менен катар этнопедагогиканын түптөлүшүнө сиңирген эмгеги зор экендигин кийинки муун айныксыз ырастап отурабыз.

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Назаркул Ишекеев Кусейин Карасаевдин кыргыз элинин тарыхында калтырган изи тууралуу: "Адам баласы билим берүү тармагында төрт революцияны башынан өткөргөн. Ошол төрт революцияны адам баласы көптөгөн кылымдарда ишке ашырган. Кыргыз эли ал революцияны үч муундун алкагында ишке ашырдык. Ошонун бардык революцияларында Кусейин Карасаев башкы каарман болгон. Далилдеп берейин: биринчиси, ата-энелер өзүнүн балдарын, кесипкөй, профессионалдуу тарбиячылардын колуна өткөрүп берүүсү. Экинчиси, билим берүүнүн мазмунунун оозеки формадан жазуу формасына өтүүсү. Үчүнчүсү, биринчи окуу китеби алгач гезиттер болгон, дал ушул биринчи гезиттен ("Эркин-Тоо") окуу куралына чейинки процесс үчүнчүсү болгон, ага Карасаев активдүү катышкан" – деп белгилейт.

Сөзүбүз куру болбосу үчүн К.Карасаевдин педагогикалык мурасы жөнүндө азыноолак токтолсок. Себеби анын агартуучулук ойлоруна, баланын тарбиясы жөнүндө жазгандарына сереп салсак, окумуштуунун педагогикага кошкон баа жеткис салымын баамдайбыз. Кыргыз элинде баланы кичинесинен тарбиялоого чоң маани берилген. Баланы суук сөздөн, сук көздөн сактап, эмгекчилдикке, куйма кулактыкка, улууга урмат, кичүүгө ызат кылууга тарбиялаган. Айрыкча, ал "Хусеин наама" китебинде өзүнүн мисалында кыргыз элинин канына сиңген таалим-тарбиялык орду эбегейсиз баалуулуктарды жеткилең ачып берген.

Кыргыз элинде сөздөн улук тарбия, сөздөн артык азык болгон эмес. Ал аркылуу дүйнө таанымы кеңейип, акыл өрүшү өскөн. Ошондой эле, кыргызда көптү көргөн, көсөм адамдардан бата алуу, коноктун колуна суу куюп, чай сунуу, алардын алкышына арзуу зор сыймык болгон. Балага кичинекей кезинен баштап ата-тегин таныткан.

К.Карасаевдин эмгектерин, айрыкча, педагогикалык өнүттө илимий негизде изилдөө илимпоздор тарабынан көңүлгө алынып, монографиялар жазылат деген ойдомун. Бул жаатта омоктуу аракеттерди көрүү кийинки муундар үчүн парыз.

Жумагүл ТЫНАЛИЕВА.



Теңир Тоо
Нарын облустук коомдук-саясий гезит

Облустук медиаборбордун башкы деректиринин гезит жана сайт иштери боюнча орун басары
Таалайбек ДҮЙШӨНАЛИЕВ

УЮШТУРУУЧУ:
Нарын облустук медиаборбору

Дарек: 722600. Нарын шаары, Жамгырчы уулу Абас көчөсү №5
e-mail: miratt78@mail.ru
Телефондор:
5-03-01, 5-13-22, 5-13-20, 5-70-77, 6-03-22;
факс: 5-03-01.

Реклама принимается на любом языке, по желанию рекламодателя. За содержание рекламы редакция ответственности не несет.

Гезит бейшемби күнү чыгат.

Заказ берүүчүнүн даяр оригинал - макети менен «Учкун» ААК басмаканасында басылды, Бишкек ш. Ибраимов көч - 24, тел: (0312) 591603.
Буйрутма: №57
Тираж: 2434, Индекс 68429

Автордун жарыяланган макалалары жана каттары гезиттин көз карашын билдирбейт

Басууга 2021-жылдын 20-январында саат 19.00дө кол коюлду.

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде катталган. Каттоо күбөлүгүнүн № 643

ЭСЕПТЕШҮҮ ЭСЕБИ:
Нарын облустук медиаборбору
Банк: Борбордук казына
БИК: 440001
(440201-рутокен менен которгондо эсептешүү эсеби: 4402011001002362
ИНН: 02409201410151
төлөө коду: 14511900